# ОШ ШААРЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКИНЧИ БОРБОРУ БОЛОТ

Бул маселе боюнча макала жазуу көптөн бери эле оюмда жүргөн эле. Аны өткөн жума күнү Кыргыз Республикасынын президенти Аскар Акаевдин "ОШ-3000" уюштуруу комитетинин жыйналышында сүйлөгөн сөзүн сыналгыдан көрүп, "Эркин Тоо" гезитинен (5.04.97) дагы бир ирет кунт коюп окуп чыккан соң ушул макаланы чындап жазууга туура келди. Андагы сөзүндө А. Акаев мааракени уюштурууга гана байланыштуу эмес, деги эле Ош жергесинин социалдык-экономикалык, маданий жана илимий өнүгүшүнүн стратегиялык концепциясын айтты. Анын негизги далили катары "Ош шаары Кыргызстандын экинчи борбору болот" деп түз жана даана айтканы көпчүлүктүн назарын бурду. Чынында эле Ош жергесинин тагдыры - бул кыргыз элинин тагдыры, Ош жергесинин өнүгүшү - кыргыз элинин өнүгүшү. Ушундан улам мамлекет башчыбыз А.Акаевдин айткан сөзүн улай, Ош маселеси боюнча жана анын өнүгүшүнүн негизги факторлоруна токтоло кетмекчимин.

## БИРИНЧИ ТАРЫХЫЙ ЖАНА РУХАНИЙ ФАКТОР

Ошол уюштуруу комитетинин жыйынына Санкт-Петербург археология институтунун профессору Заднепровский Юрий Александрович катышып, мындан 20 жыл илгери эле Ош жергеси эң байыркы эл отурукташкан жер экендигин далилдеген илимий макалаларды жазгандыгын айтып берди. Анын айтуусу боюнча жашы жагынан Ош жергесине шериктеш өлкөлөрдөн Ереван шаары гана тең келе алат. Кээ бир илимий булактар боюнча Ош шаарына элдердин отурукташканына 3000 жыл эмес 3400-3450 жыл болгондугу айтылат. Демек, Ош жергеси тарыхый улуулугу жагынан Орто Азия аймагында гана эмес, мурдагы союздук республикалардын аймагындагы эң байыркы шаар. Бул Ош шаарынын Кыргызстандын экинчи бор-

чыгып сүйлөдү. Мамлекет башчыбыздын жеке колдоосу менен Кыргыз техникалык университетине И.Раззаковдун ысмы берилди. Ошондой эле бюджеттен эмес, президенттин социалдык фондусунан каражат бөлүнүп, И.Раззаковго акыркы 50 жылда коюлбай келген эстелик өткөн жылы Бишкек шаарында коюлду. Аны менен бирге мамлекетти түптөөчүлөргө арналган аллеяда Төрөбай Кулатовдун, Абдыкадыр Орозбековдун, Жусуп Абдырахманов, Баялы Исакеевдин, Абдыкерим Сыдыковдун айкелдери орнотулду. Экономикалык каатчылыктын учурунда бул, албетте, өтө эле кымбат турду. Бирок айкел азаматтарга таазим кылып, айкелин орнотуу - баа жеткис байлык эмеспи.

## ЭКИНЧИ - ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК ФАКТОР

"Билимдүүгө окуу - кийим, аш болот, билимсиздер - ушак менен дос болот" деп байыркы философ Баласагын айткандай, мамлекеттин, анын ичинде региондун өнүгүшү эң ириде анын билим берүү, илим жана жалпы

жайлары менен байланыш түзүп, өзүнүн бүгүнкү күндөгү илимий потенциалы боюнча Бишкектеги университеттер менен теңтайлашууда. Бара-бара Ош технология университети, Жалал-абад университети, Жалал-Абад коммерция институту, бир канча колледждер ачылып, азыр кыргыз-өзбек университети да ачылып олтурат. Бул окуу жайларын кыргыз эл депутаттары, орошон окумуштуулар М.Мамасаидов, Б.Мурзуибраимовдор жетектеп, окуу жайлардын тез бутуна туруп келатышы өзгөчө кубандырат. Ал окуу жайлардын айрымдары азыр "Интернет" системасына кошулган.

Айтмакчы, кийинки учурда университеттер өтө эле көп болуп кетти деген сөздөр айтылууда. Университеттер канчалык көбөйгөн сайын биз XX1 кылымдын босогосунда интеллектуалдык конкуренцияга ошончо шанс түзүп берип жатабыз. Илим-билимге өзгөчө кам көргөндөн дүйнөдө бир да өлкө зыян тарткан эмес.

Айтмакчы, ал эми 1993-жылдын декабрь айында президенттин сунушу менен Илимдер Академиясынын түштүк региону боюнча бөлүмү ачылды жана ака-

А.Акаев "Түбөлүк достук жөнүндөгү" келишимге кол коюп, өз ара эркин экономикалык зоналарды түзүү, экономикалык кызматташтыкты өнүктүрүү багытындагы эң маанилүү документтерге кол коюлган. Экинчиден, Кытай Эл Республикасынын төрагасы Цзэнь Цзяминдин Кыргызстанда болгон официалдуу визитинин учурунда чек ара маселеси боюнча тарыхый документке кол коюлуп, буга чейин талаш-тартыш болуп келген Эркечтам Ала-Тоо элинин менчигинде калды. Кудай буюрса, ушуга апрель айынын аягында премьер-министр А.Жумагуловдун, Өзбекстандын өкмөт башчысы Ө.Сулуровдун, Кытай Эл Республикасынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен Эркечтам бажыканасы салтанаттуу түрдө ачылат. Эркечтамдын ачылышы бул эң ириде Ош облусунун. өсүп-өнүгүүсүнө кеңири жолдун ачылышы деп түшүнсө болот.

Ал эми үчүнчү чектеш республика болгон Тажикстанда жаңжал окуялар болуп жаткандыгына карабай өткөн жылы, Президент А.Акаев шериктеш республикалардын ичинен биринчи болуп Душанбеге официалдуу визит менен барып, эң зарыл доку-

заводу, Кызыл-Кыядагы тамеки фабрикасы, Оштогу "Текстильшик" мамлекеттик акционердик коому жана насос заводу, Жалал-Абадда жаңы ачылган нефтини кайра иштетүүчү заводду жана балдардын тамагын чыгаруучу фабриканы толук кубаттуулукта иштетүү проблемалары жана ага Өкмөттүн өндүрүш саясатынын негизги көңүлүн буруудагы республикабыздын социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн негизги маселеси болмокчу.

## ТӨРТҮНЧҮ КАДРЛАРДЫ ӨСТҮРҮҮ ФАКТОРУ

Азыркы учурда "Билим", "XX1 кылымдын" кадрлары улуттук программалары иштелип чыгып, жаш адистерди өстүрүү маселесине негизги көңүл бурулууда. Экономикалык кризистин залалына карабай, кыргыздын жүздөгөн улан-кыздары азыркы АКШ, Германия, Япония, Малайзия, Түркия, ж.б. мамлекеттерде билим алууда. Алардын ичинде Ала-Тоо аймагыбыздын бардык булуң-бурчтарынан студенттер бар. Алар эртеңки элибиздин гүлдөп өсүшү үчүн "алтын муунду" түзө алар деген ишенич зор.

Албетте, кадр тандоого негизги критерий - адистин профессионалдык, уюштуруучулук сапаты, адамдык ар-намыс мүнөзү жана акыйкат позициясы. Ошондой эле мамлекеттик башкаруу структураларында региондордун мүдөөсүн да эске алуу кадр саясатынын бир критерийи болууга тийиш. Чынын айтышым керек, СССР учурунда обком, райкомдордун экинчи катчылары сөзсүз орус улутунан, үчүнчү катчылары аял киши болсун деген талап бар эле. Ал убакта Политбюро балким регионалдык кызыкчылыктарды эске алууга чама-чаркы жете бербесе керек. Бирок, мунун айынан борбордон алыс жайгашкан облустар өзгөчө жапа чегип келген, Айталы, И.Раззаков, Т.Усубалиев, А.Масалиевдер мамлекет башында турган мезгилде Түштүк жергесинен

